Окуу бөлүм башчысы: Бекбатаев Н.Ю.
Баткен областы Кадамжай району

# Практикалык-лабораториялык иштердин өтүлүүсү

- Практикалык-лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн коюлуучу критерийлер:



- Техникалык-коопсуздук эрежелерди кабинетте илинип турuусун карап чыгуу;
- Окуучуларга коопсуздук-техникалык эрежелерди тааныштыруу;
- Окуучуларга кол койдуруп алуу;
- Иш жүргүзүлгөн учурда шартка ылайык халат кийүү;

# Практикалык-лабораториялык иштерди аткаруунун максаты:

- Окуучулардын теориялык алган билимдерин практикада колдонуп көрүү;
- Жасап көргөн тажрыйбаларын, байкоолорун, эксперименттерин турмушта колдоно билүүгө багыт алуу;
- Алган билимдерди өркүндөтүп,өз алдынча долбоорлорду түзө алуу;
- Табияттын байлыктарын сарамжалдуу пайдаланууну билүү;
- Күнүмдүк турмушта пайдаланылган ресурстарды туура колдонууну билүү;
- Жаны ачылыш жасоого багыт алуу;

# Практикалык-лабораториялык иштерди аткаруунуу менен окуучулар төмөнкүдөй натыйжага ээ болушат:

- Жандуу жаратылыштын кээ бир обьектилердин аталыштарын билет, маалыматтарды бөлүп карайт, жаратылыш ресурстарын ролун жана маанисин түшүнөт;
- Негизги түшүнүктөрдүн теориялык мазмунун түшүнөт, аларды белгилүү кырдаалда колдоно алат, түшүнүктөрдүн ортосундагы өз ара байланышты көрсөтө алат, өз алдынча эксперименттерди жүргүзө алат;
- Акыл ишмердүүлүгүнүн логикалык ыкмаларына (Талдоо, топтоштуруу, салыштыруу, жыйынтык чыгара алуу) ээ болуу;

# Практикалык-лабораториялык иштерди аткаруу учурунда окуучулар:

- Алган теориялык билимдерин практикада колдонуп көрүшөт. Мисалы, биология предметинен иш жасоо менен обьектти көз менен көрүп, кол менен кармап, салыштырып, байкоо жүргүзүп көрөт;
- Ошол жүргүзүлгөн иштин натыйжасында изилдөөгө алынган заттын курамын, касиеттерин, башка заттарга окшоштуктарын, колдонуу чөйрөсүн, жашоодогу маанисин түшүнүшөт. Алсак, өсүмдүктүн уругунун курамында органикалык заттар бар экендигин аныкташат;
- Күнүмдүк жашоодо пайдаланылган каражаттарды (самын, күкүрт, акиташ, тазалоочу каражаттар ж.б) жасалуу жолдорун аныктай алышып, алардын касиеттерин, таасирин, нормаларын, колдонуу эрежелерин, курамын үйрөнүшөт. Алсак, айыл чарбасында колдонулуучу минералдык жер семирткичтер(Азот, фосфор,калий)

# Практикалык ишти жүргүзүүнүн баскычтары:

- Практикалык иштин максаты (окуучуларга жарыялоо, жаздыруу);
- Иштин жабдылышы( көрсөтүп түшүндүрүү);
- Иштин жүрүшү(аткаруу учуру);
- Иштин жыйынтыгы(жыйынтыгын чыгарып, жазуу);

# Практикалык-лабораториялык иштерди аткаруу нормалары:



- Биология предмети:
- 6-класс: Лабораториялык иш-11с
  Практикалык иш-5с
- 7-класс: Лабороториялык иш-9с
- Практикалык иш-2с
- 8-класс: Лабораториялык иш-5с
- Практикалык иш-3с
- 9-класс: Лабораториялык иш-4с
- 10-класс: Практикалыкалык-лабораториялык иш-10с
- 11-класс: Практикалык-лабораториялык иш-11с

# Химия предмети:

- 8-класс: Практикалык иш-7с

 9-класс: Практикалык иш-7с

 10-класс: Практикалык иш-8с

 11-класс: Практикалык иш-6с



# География предмети:

- 6-класс: Практикалык иш-20с
- 7-класс: Практикалык иш-25с
- 8-класс: Практикалык иш-23с
- 9-класс: Практикалык иш-20с
- 10-класс: Практикалык иш- 4с
- 11-класс: Практикалык иш-4с

- Табият таануу предмети:
- Практикалык иш-5с



# Физика предмети

- 7-класс: Лабораториялык иш-6с
- 8-класс: Лабораториялык иш-6с
- 9-класс: Лабораториялык иш-5с
- 10-класс: Лабораториялык иш-6с
- 11-класс: Лабораториялык иш-5с



# Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоонун чен-өлчөмдөрү

*«5» деген баа коюлат, эгер окуучу:*

1. Практикалык жана өз алдынча иштерди толугу менен аткара алса;
2. Иш таза аткарылса;

*«4» деген баа коюлат, эгер окуучу:*

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылса;
2. Ишти аткаруунун сунушталган кадамдарында жана ишти жасалгалоодо алынуучу натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген одоно эмес каталар кетирсе;

- «*3» деген баа коюлат, эгер окуучу:*

1. Практикалык иш жана аны жасалгалоо мугалимдин жардамы менен аткарса;
2. Иш толугу менен аткарылбагандыктан кошумча окуу убактысын талап кылса же аны аткаруу үчүн үйдөн аткарып келүүгө тапшырма берилсе;
3. Географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен өз алдынча иштегенде кыйналса;

*«2» деген баа коюлат, эгер окуучу:*

1. Практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес;

2. Аткарылган иштин жыйынтыктарын туура бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүндүк бербесе жана алдыга коюлган окуу максаттары менен дал келбесе;

# Окуу бөлүмүнүн башчысы аткарылган ишти текшерүүсү:

- Берилип жаткан теориялык билимдин жеткиликтүүлүгүн текшерүү;
- Практикалык иштин убагында аткарылып жаткандыгын көзөмөлдөө;
- Дептерин текшерүү;
- Иштердин натыйжасын мониторинг аркылуу текшерүү;
- Журналга түшүрүлүүсүн көзөмөлдөө;